***12.00.14 – АДМИНИСТРАТИВДИК УКУК; ФИНАНСЫЛЫК УКУК; МААЛЫМАТТЫК УКУК АДИСТИГИ БОЮНЧА, ЮРИДИКА ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ ОКУМУШТУУЛУК ДАРАЖАСЫН ИЗДЕНИП АЛУУ ҮЧҮН ЖАЗЫЛГАН ИМАНКУЛОВ ЭРБОЛОТ АМАНТАЕВИЧТИН “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДМИНИСТРАТИВДИК ИШТЕР БОЮНЧА СОТ АКТЫЛАРЫН КАЙРА КАРОО” ТЕМАДАГЫ ДИССЕРТАЦИЯСЫНА РАСМИЙ ОППОНЕНТТЕН***

# ***ПИКИР***

## ***1. Диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий жана мамлекеттик программалар менен байланышы.***

Бул диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 29, 40-беренелеринде бекитилген жоболорду жүзөгө ашыруу үчүн, мамлекет ар бир адамга өзүнүн укуктарын жана эркиндиктерин коргоо укугуна кепилдик берет, биринчи кезекте мамлекеттик бийлик органдарынын актыларына жана аракеттерге (аракетсиздикке) даттануунун сот жол-жобосун камсыз кылат. Ар кайсы тармактын мыйзамдарында бекитилген даттануу укугунун мааниси, мамлекеттик бийлик органынын белгилүү бир чечимине, аракетине (аракетсиздигине) даттануунун мүмкүнчүлүгү менен эмес, кызыкдар адамга мүмкүндүк берген факторлордун айкалышы менен аныкталат, акыры, мыйзамсыз актыны жокко чыгарууга жетишүү болуп саналат.

Административдик иштер боюнча сот актыларын кайра карап чыгуу жол-жобосун мыйзамдык жактан жөнгө салуунун жетишсиздиги укук колдонуучу мыйзамдын окшоштугун колдонуп, укуктук боштуктарды толтурууга мажбурлайт, бул өз кезегинде административдик процесстин катышуучуларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жана калыбына келтирүү механизмдерин ишке ашыруудагы мамилелердин бирдейлигине таасирин тийгизе албайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, изилденип жаткан чөйрөдөгү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча теориялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу максатында, административдик иштер боюнча сот актыларын кайра кароо жол-жобосун тутумдуу изилдөө жүргүзүү максатка ылайыктуу.

Ошентип, жогоруда айтылгандар диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугун көрсөтөт.

***2. "Илимий даражаларды берүү тартиби жөнүндө" жобого жана "Илимий даражаны изденип алууга сунушталган диссертацияларга баа берүүнүн критерийлери жана талаптарынын" II бөлүмүнө ылайык диссертацияларга коюлган талаптардын алкагындагы илимий***



КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№116 от «17» 05 2021 г.

***жыйынтыктар.***

***1-натыйжа.*** Диссертацияда административдик соттун судьясы кабыл алган чечимин коргоп калуу максатында, кассациялык баскычтагы сотко “Соттук сунуштама” келтирүү укугун сунуштоодо. Кассациялык инстанциядагы сот апелляциялык сот чыгарган чечимди кайра кароонун алкагында чечимдерди кабыл алууда апелляциялык инстанциядагы соттун чыгарган чечиминин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерет.

***2-натыйжа.*** Диссертацияда Кыргыз Республикасынын административдик процессстик мыйзамдарында “кассациялык өндүрүш” деген түшүнүк чечмеленбегендигине байланыштуу автор кассациялык өндүрүш түшүнүгү менен Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексин толуктоону негиздейт.

***3-натыйжа.*** Диссертант административдик соттук өндүрүшттүн ар бир баскычында кабыл алынган иштин маңызы боюнча чыгарылган эмес аныктама түрүндөгү процесстик кыймыл аракетти жасоо жөнүндө кабыл алына тургандыгы негиздеген. Иш боюнча өндүрүштүн ар бир баскычына карата сот тарабынан чыгарылган, даттануу берилиши, сунуш келтирилиши мүмкүн болгон сот актыларынын тизмегин аныктоо зарылдыгын жүйөлөгөн.

***4-натыйжа.*** Диссертант тарабынан Кыргыз Республикасынын административдик өндүрүштү жөнгө салуу мыйзамда судьянын кеңешүүчү бөлмөсүнүн купуялуулугун бузуу жана ишке катышууга тартылбаган жактардын укуктары жана милдеттери жөнүндө маселени чечип салган учурлар сот актысын жокко чыгаруунун кынтыксыз негиздери катарында каралбагандыгы негизделген.

***5-натыйжа.*** Автордун пикири боюнча, сотко катышпаган жана чыгарылган сот актысы боюнча ишке катышкан башка жактардын ишти жогору турган соттун кайра кароосуна берген даттануусу боюнча апелляциялык жана кассациялык тартиптерде кайра каралгандан кийин билген административдик сот өндүрүшүнүн тарабынын соттук актыны кайра кароо укугун ишке ашыруу максатында, административдик сот өндүрүшү тарабынын даттануу берүү укугун берүү негизделген.

***6-натыйжа.*** Диссертацияда белгиленгендей, мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актыларды кайра кароо үчүн негиз, кайра каралып жаткан сот чечимин чыгарууга себеп болгон соттун же административдик органдын актысынын мыйзамдуу күчүн жоготуусу катары, кайтадан ачылган жагдай, ошол эле учурда жаңы жагдай катары карала тургандыгы негиздеген.

***3. Диссертацияда баяндалган изденүүчүнүн жыйынтыктарындагы жана корутундуларындагы ар бир натыйжанын (илимий позициянын), негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.***

***1-натыйжа.*** Бул кыргыз жана чет элдик авторлордун көптөгөн илимий

эмгектерин ар тараптуу изилдөө менен далилденген. Бул укуктардын жана мыйзамдардын теориясын терең талдоого негизделгендиктен, ишенимдүү.

***2-натыйжа.*** Кыргыз Республикасындагы процесстик өндүрүштөрдү жөнгө салуучу колдонуудагы мыйзамдарды изилдөө менен негизделген. Ал Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын жоболорун талдоодон алынган натыйжаларга жана ушул чөйрөдө калыптанып келе жаткан практикага негизделгендиктен, ишенимдүү.

***3-натыйжа.*** Негиздүү, анткени изилдөө Кыргыз Республикасынын административдик-процесстик ченемдерин талдоонун жана соттук актыларын кайра кароо маселесин ишке ашыруу жаатындагы илимий изилдөөлөрдүн негизинде жүргүзүлгөн. Корутундулар ишенимдүү, анткени алар ушул темадагы илимий эмгектерди изилдөөнүн натыйжалары жана ушул чөйрөдөгү мыйзамдардын жоболору менен тастыкталган.

***4-натыйжа***. Ал илимий изилдөөлөрдүн талдоосуна жана административдик процесс жаатындагы мыйзамдардын ченемдерине негизделген. Ченемдик укуктук актылардын жоболорун жана административдик өндүрүш калыптанып келе жаткан тажрыйбаны талдоонун натыйжаларына негизделгендиктен, ишенимдүү.

***5-натыйжа.*** Бул негизи административдик иштер боюнча соттук актыларды кайра кароонун ролу жана зарылчылыгы жөнүндө илимпоздордун жана практиктердин заманбап ыкмаларын талдоого негизделген. Ишенимдүү, анткени ал чет өлкөлүк жана ички мыйзамдардын жоболорун ар тараптуу изилдөөгө негизделген.

***6-натыйжа.*** Учурдагы иштин алкагындагы соттук актыларды кайра кароо боюнча соттордун ишмердүүлүгүн талдоонун негизинде түзүлгөндүгү менен негизделген. Ишенимдүү, анткени ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин ар тараптуу изилдөөгө негизделген.

***4. Изденүүчүнүн диссертацияда баяндалган ар бир илимий натыйжаларынын (позициянын), корутундуларынын жана жыйынтыктарынын жаңылык даражасы.***

***1-натыйжа.*** Жарым-жартылай жаңы, автор Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки административдик иштерди кароонун өнүгүшүнүн жалпылыгын жана өзгөчөлүгүн эске алуу менен КМШнын сунуш кылынган типтүү мыйзамдарына негизделген.

***2-натыйжа.*** Жаңы, анткени автор, Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлүк окумуштуулардын илимий пикирлерин эске алуу менен, ошондой эле административдик процесстик мыйзамдарды изилдөө долу менен негизделген.

***3-натыйжа.*** Автор соттордун административдик иштер боюнча чыгарылган актыларын талдоо жолу менен, ишке катышкан тараптардын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун шарты катары, соттук актылардын тизмегин кеңейтүүгө керек деген тыянакка келгендиктен, жарым-жартылай жаңы.

***4-натыйжа.*** Автор Кыргыз Республикасында административдик сот өндүрүшү калыптануу процесси социалдык жана укуктук чындык менен шартталгандыгын жана мыйзамдарга жаңылыктарды киргизүү менен жаңылангандыгын негиздегендиктен, жарым-жартылай жаңы. Соттук актыларын кайра кароонун тарыхый аспектисин изилдөө, ошондой эле учурдагы тажрыйбаны жана өткөөл мезгилдин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, этап менен жаңылануунун зарылчылыгынын натыйжаларын аныктады.

***5-натыйжа.*** Жаңы, анткени автор Кыргыз Республикасында административдик ишке катышкан ар бир тараптын кабыл алынган соттук актыга даттануу келтирүү укугу толук кандуу жүзөгө ашырылбай келе жаткандыгын тастыктады жана мындан аркы жаңылануу боюнча чараларды талап кылат.

***6-натыйжа.*** Жаңы, анткени автор бүгүн Кыргызстанда административдик өндүрүш боюнча кайтадан ачылган жагдайлар жана жаңы жагдайлар боюнча негиздер айрымаланган эмес. Диссертант Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү сунуштайт.

***5. Алынган натыйжалардын ички бирдиктүүлүгүнө баа берүү.***

Изденүүчү Э.А.Иманкуловдун диссертациясында Кыргыз Республикасындагы административдик иштер боюнча соттук актыларды кайра кароо боюнча маселелерди изилдөөнү туура тандалган чечим катары мүнөздөөгө болот. Алынган бардык жыйынтыктар ички биримдик, логикалуулук жана өз ара байланыштуулугу менен айырмаланат. Административдик иштер боюнча соттук актылардын укуктук табиятын теориялык аспектиде ырааттуу жана ар тараптуу кароо диссертанттын алдына коюлган маселелерге илимий жактан ой жүгүртүшүнө мүмкүндүк берди.

Бул диссертация ата мекендик юридикалык илимде Кыргыз Республикасынын жаңыдан кабыл алынган административдик сот өндүрүшү боюнча мыйзамдарды изилдөөнүн биринчи аракети, автордун илимдин өнүгүшүнө кошкон жеке салымын көрсөтөт.

***6. Диссертацияда келтирилген натыйжаларды алууга автордун жеке конкреттүү катышуусу.***

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде алынган натыйжалар олуттуу мааниге ээ жана изилдөө 12.00.14 - административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиги боюнча юридикалык илимдин өнүгүшүнө чоң салым кошот.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги натыйжаларын илимий укуктук адабияттарды жана практикалык материалдарды изилдөөнүн жана талдоонун негизинде Иманкулов Э.А. жеке өзү алган. Кыргыз Республикасындагы

административдик сот өндүрүшү жаатындагы иштерди мындан ары натыйжалуу өнүктүрүү боюнча бир катар олуттуу сунуштар киргизилген.

***7. Алынган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы.***

Аткарылган диссертациялык иш толугу менен 12.00.14. – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистигине туура келет. Диссертациялык изилдөөнүн бардык натыйжалары диссертанттын алдына коюлган максатка жетүүгө, теориялык жана колдонмо маселелерди чечүүгө ырааттуу багытталган жана ага негизделген.

***8. Жарыяланган негизги жоболордун, жыйынтыктардын, корутундулардын, диссертациянын корутундуларынын жетиштүү толуктугун ырастоо.***

Диссертациялык иште баяндалган негизги теориялык тыянактар, жоболор жана натыйжалар ар кандай илимий конференцияларда баяндалып, изденүүчүнүн жарыяланган 10 макаласында чагылдырылды.

***9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.***

Э.А.Иманкуловдун диссертациялык иши менен авторефератын салыштырууда, алардын мазмуну толугу менен шайкеш келет деген тыянак чыгарууга болот. Диссертациянын түзүмдүк элементтери (киришүү, бөлүмдөр, абзацтар, корутундулар), негизги жоболор жана корутундулар авторефератта керектүү көлөмдө толугу менен чагылдырылган. Реферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей кыскача мазмундагы резюмеге ээ.

***10. Диссертациянын мазмунундагы жана шөкөттөлүшүндөгү кемчиликтер.***

Бул диссертациялык ишке жалпысынан оң баа берүү менен бирге, айрым кемчиликтерди жана талаштуу жагдайларды да белгилеп кетүү керек.

1. Биздин пикирибиз боюнча, бул илимий иште административдик иштерди кароону укуктук жөнгө салган кодекс узак убакытка чейин кабыл алынбагандыгы изилденген эмес.

2. Биздин оюбузча, Кыргызстанда административдик сот өндүрүшүн жүзөгө ашырууда мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүү маселелери толук ачылбай калган.

3. Изилдөөдө административдик сот өндүрүшүн маңызын ачууга, көйгөйлөрдү аныктоого жана аларды чечүүнүн конкреттүү жолдорун сунуштоого көбүрөөк көңүл бурушу керек эле.

Бирок, бул кемчиликтер диссертациялык изилдөөнүн баалуулугун жана

маанисин түшүрбөй тургандыгын белгилей кетүү керек.

***11. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын "Илимий даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобосунун" талаптарына шайкештиги.***

Иманкулов Э.А. “Кыргыз Республикасында административдик иштер боюнча сот актыларын кайра кароо” диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын “Илимий даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө” жобосунун 2 бөлүмүнүн 9-п. талаптарына толук жооп берет.

Жыйынтыкта, Иманкулов Э.А. 12.00.14 - административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиги боюнча юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин статс-катчысы, юридика илимдеринин кандидаты** **А.А.Мамыралиев**

**12.05.2021-жыл**

Подпись верна

АДАМ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУ ЖАНА ИШ-КАГАЗДАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ УПРАВЛЕНИЯ ЧЕЛОВЕЧЕСКИМИ РЕСУРСАМИ И ДЕЛОПРОИЗВОДСТВА
ИНН 02802200610325

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 116 от 17 05 2021 г.